КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМ

2026-жылдын 02-октябрь **№51** Барскоон айылы

Сырт өрөөнүндөгү Караколка айылынын жер мунапысынын алкагында мыйзамдыштырып берилген турак үйлөрүнө тиешелүү жер тилкелеринин чектик өлчөмдөрүн бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык, Барскоон айыл аймагындагы муниципалдык менчиктеги жер аянттарын жана мүлктөрүн пайдалануу боюнча пландын долбоору боюнча Айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковдун сунушун угуп жана талкуулап, жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Караколка айылындагы жер мунапысында каралган турак үйлөргө жана аларга тиешелүү короо-жай жер тилкелерине берилүүчү жер тилкесинин өлчөмүн 0,05 га (5 сотых) өлчөмүндө бекитилип берилсин.
2. Бекитилген жер тилкелеринин чектик өлчөмүн Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына жана Жети-Өгүз райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгына сунуштап, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу №291 токтомуна ылайык тиешелүү иштерди алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага **Ч.А.Ажыбеков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска